КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ

ЖУСУП АБДРАХМАНОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ЖУСУП АБДРАХМАНОВА

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 3- сессиясы

# ТОКТОМ

**13.01.2026-ж.** № 14-1

**"Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорлору жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пунктун негизинде жергиликтүүкенештин төрагасы А.Ш. Кыштобаев, жергиликтүү кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясы 2025-жылдын бюджетин карап, Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши талкуулап **токтом кылат**:

1. Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин көлөмү, кирешелер (Тиркеме № 1ылайык) жана чыгашалар (Тиркеме № 2ылайык) 44039,6 миң сом өлчөмүндө, анын ичинен

- Жергиликтүү бюджет көлөмү – 38539,6 миң сом;

- Атайын каражаттар боюнча – 5500,0 миң сом өлчөмүндө өзгөртүүлөр жана толуктоолору менен бекитилсин.

2. 2027-жылга карата жергиликтүү бюджет кирешелер жана чыгашалары боюнча 48523,6 миң сом өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

3. 2028-жылга карата жергиликтүү бюджет кирешелер жана чыгашалар боюнча 53426,6 миң сом өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

4. жыл ичинде акча каражаттын сарпталышы бюджет боюнча жүргүзүлсүн.

5. Токтомду аткаруу жагы Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М. Алиевке жана финансы – экономикалык бөлүмдүн башчысы З.Аттоевага милдеттендирилсин

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "Бюджет, финансы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясына тапшырылсын.

7. Ушул токтомду каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын

жергиликтүү Кеңешинин 21.02.2024ж. №28/1-5- токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

Төрага А.Кыштобаев

Г. Халиалдаева жиберилди: иш кагаздарына -1. айыл өкмөтүнө-3

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ

ЖУСУП АБДРАХМАНОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ЖУСУП АБДРАХМАНОВА

---

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 2- сессиясы

## ТОКТОМ

**13.01.2026-ж.** № 14-2

**"Жергиликтүү бюджетин өткөн жылдагы бош калдыктын эсебинен бюджеттин чыгаша бөлүгүн көбөйтүү жөнүндө"**

Жергиликтүү бюджетин Өткөн жылдагы миң сом суммасындагы бош калдыктын эсебинен бюджеттин чыгаша бөлүгү 4542,3 миң сом суммасында көбөйтүү боюнча ФЭБнүн башчысы З.М.Аттоеванын сунушун угуп талкуулап Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджетин чыгашаларынын ичиндеги бөлүмдөрүндө

- 2215-беренесинде турак жай-коммуналдык чарба бөлүмү 1600,0 миң сом суммасында;

2511-беренесинде 700,0 миң сом суммасында;

3112-беренесинде 1277,1 миң сом суммасында;

2. Атайын эсеп боюнча бюджеттин киреше бөлүгүн 364,3 миң сомго көбөйтүү менен, тамак-аш азыктарын сатып алуу беренеси боюнча бала бакчалардагы бюджеттин чыгаша бөлүгү 2218-беренесинде 364,3 миң сомго көбөйтүлсүн

2. Аталган токтомду аткаруу жагы Ж.Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы З.М.Аттоевага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, финансы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссияга милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомду каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 21.02.2024ж. №28/1-5- токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

**Төрага:** **А.Кыштобаев**